Жайыл РУСЛАНОВ,
"Кыргыз Туусу"

# «КТ» - ПРЕСС

## Экс-премьердин уулу чыккынчы катары соттолду

*Өкмөттүк аппараттын эл аралык кызматташтык бөлүмүнүн мурдагы башчысы Алтынбек Муралиев Бишкек шаарынын Биринчи Май райондук сотунун чечими менен 12 жылга кесилди.*

Муралиев Кыргыз Республикасынын «Кылмыш кодексинин» 292-беренеси (мамлекеттик чыккынчылык) боюнча айыпталып эркинен ажыратылды. Ошондой эле мүлкү конфискацияланып, жаза өтөө мөөнөтү күчөтүлгөн режимде жүргүзүлөрү да белгилүү болду.



Эске салсак, мурдагы Премьер-министр Амангелди Муралиевдин уулу Алтынбек Муралиев башка өлкөнүн пайдасына тыңчылык кылган деген кине менен кармалып, атайын кызматтын тергөө абагына 2014-жылдын 1-ноябрында камалган.

## Жаз: табигый кырсыктар арбыды

*Жыл башынан бери табигый кырсыктан Кыргызстан 49 миллион 440 миң 300 сомдук зыян тарткан. Бул туурасында ӨКМдин маалымат кызматы билдирди.*

Маалыматка ылайык, кырсыктан аман калган тургундардын саны 160ка жеткен. Андан тышкары, 2016-жылдын башынан тарта 58 ар кыл чукул кырдаал түзүлсө, анын кырк беши жаратылыш кырсыктарынан улам жаралган.



Жаздын келиши менен өлкө аймагында жамгыр арбын жаап, дарыялар нугунан чыгып жана жер көчкүлөр активдеше баштагандыктан жыл башынан отуз беш ирет сел жүрүп, тогуз ирет жер көчүп жана бир ирет катуу шамал болгон.

## Экстремисттерден этият бол!

*Кыргызстанда экстремисттик багыттагы 19 уюмга тыюу салынган. Бул тууралуу КРнын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын директорунун орун басары Закир Чотаев билдирди.*

Кыргызстанда тыюу салынган уюмдардын катарында "Аль-Каида", "Талибан", "Чыгыш Түркестандагы ислам кыймылы", "Күрддөрдүн элдик конгресси", "Чыгыш Түркестанды бошотуу кыймылы", "Хизб ут-Тахрир аль-Ислами", "Джамаат Джихада", "Түркестандын Ислам партиясы", "Жайшуль Махди", "Джундуль Халифат", "Ансаруллох", "Ат-Такфир Валь-Хиджра", "Бириккен Муна чиркөөсү", "Акромия", Саентология чиркөөсү жана башка диний багыттагы уюмдар бар экенин айткан Закир Чотаев: "Өлкөнүн аймагында 2 миң 601 ислам, 380 христиан жана 12 башка диний уюмдар катталган",– деп кошумчалады.

## Жасалма паспорт жаңжалы



*КРнын Өкмөтүнүн басма сөз кызматы билдиргендей, Түркияда кытайлык уйгурлардын жасалма кыргыз паспорту менен кармалышын Ички иштер министрлигинин атайын тобу иликтейт.*

Мындай тапшырманы Премьер-министр Сооронбай Жээнбеков ички иштер министри Мелис Турганбаевге берген. Ал эми мамлекеттик каттоо кызматынын башчысы Тайырбек Сарпашевге иликтөөгө ар тараптуу көмөк көрсөтүү милдети жүктөлдү. Тагыраагы аталган эки мекеме кыска мөөнөттө паспорт жаңжалын тактап, иликтөө боюнча биргелешкен аракеттер тууралуу коомчулукка үзгүлтүксүз маалымат берип турмай болду.

Эске салсак, 17-майда Стамбулдагы Ататүрк аэропортунан кыргызстандык паспорт менен 98 кытайлык уйгур Стамбулдан Жиддага учуп жаткан маалда кармалган. Алардын кантип кыргыз паспортун жасатып алышканы азырынча белгисиз.

## "Манас" жыйырма жашта

*Кыргыз-Түрк "Манас" университети быйыл жыйырма жылдыгын чоң салтанат менен белгиледи. Маарекелик иш-чарага КРнын Президенттик аппаратынын тышкы саясат бөлүмүнүн башчысы Сапар Исаков, Түркиянын вице-премьер министри Йылдырым Тугрул Тюркеш жана КРнын вице-премьер министр Гүлмира Кудайбердиева жана бир катар министрлер, депутаттар катышты.*

Эске салсак, аталган университет 1995-жылдын 30-сентябрында Түркия Республикасынын жана Кыргыз Республикасынын өкмөттөрү тарабынан кол коюлган келишимдин негизинде курулган. Көп өтпөй, 1997-1998-окуу жылынан тартып, студенттерге билим бере баштаган.

Учурда окуу жайда 9 факультет, 4 жогорку мектеп, 1 кесиптик жогорку мектеп бар. Ал эми коомдук жана табигый илимдер боюнча магистратура жана докторантура программалары жаш илимпоздорду кабыл алат. Андан тышкары, 5 миңге жакын студент толук техникалаштырылган тажрыйбалык лабораторияларда иштеп, шарты жогору ашканалардан тамактанышат. Жаңы салынган спорт комплексинде машыгышып, заманбап жатаканада жашашат. Ошондой эле сабактардын баары заманбап жабдылган кабинеттерде, жаңы ыкмалар менен өткөрүлөт. Жакшы окуган студенттерге стипендия төлөнсө, муктаждарга бекер тамак берилет.

## "Китеп кербени" китепкөй окурмандарды чакырат



*К.Баялинов атындагы Республикалык балдар жана жаштар китепканасы борбор калаадагы "Бишкек Парк" соода түйүнүндө 21-май күнү саат 12.00дө Кыргыз Республикасы менен АКШ кызматташтыгынын 25 жылдыгына арналган "Китеп кербени" аталышындагы майрамдык иш-чарасын өткөрөт.*

Иш-чаранын максаты өлкөдөгү билим берүүнүн сапатын көтөрүү жана жаштарды китеп окууга үндөө менен сабаттуу келечектин камсыздалышына шарт түзүү. Ошондуктан аталган салтанатка расмий коноктор менен шаар тургундарынын жана мектеп окуучуларынын, студенттердин катышары күтүлүүдө.

Кошумчалай кетсек "Китеп кербени" пайдалуу жана керектүү маалымат алмашуунун, чет тилдерди үйрөнүүнүн жана түрдүү мастер класстардын аянтчасы болуп саналат. АКШ элчилигин колдоосу менен өткөрүлө турган иш-чара Бишкек шаарындагы жаңы конуштарда да уланары мерчемделүүдө.

## Бүтүрүү кечелерине тыюу салынды



*Билим берүү жана илим министрлиги мектептерге бүтүрүү кечелерин өткөрүүгө жана бул үчүн акча чогултууга тыюу салды. Буйрукка ылайык, 20-июнда 9-класстардын бүтүрүүчүлөрүнө толук эмес орто билим тууралуу күбөлүк тапшырылса, 23-июнда 11-классты аяктагандарга аттестаттар берилет.*

Ошол эле учурда бул салтанаттуу иш-чаралар саат 10.00дө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, билим берүү башкармалыктарынын, ата-энелер комитетинин өкүлдөрүнүн жана милициянын катышуусунда өткөрүлүшү керек. Расмий салтанаттардан тышкары министрлик кечки жана түнкү бүтүрүү кечелерин мектептин аймагында, көңүл ачуучу жайларда, кафелерде жана ресторандарда, ошондой эле жаратылышта өткөрүүгө тыюу салды.

Мыйзамсыз аракеттерге баргандарга чара колдонулмакчы.

## Айып пулду көбөйтсө, алмаштыруучулар азаябы?

*«Дордой» базарындагы акча алмаштыруучу жайлардын 90% уруксаты жок иштеп жатат. Бул тууралуу Улуттук банктын төрагасынын орун басары Нурбек Жеңиш билдирди.*

Текшерүү жүргүзүп, айып пул салып жапкан менен абал өзгөрбөй жатат деген Нурбек Жеңиш: "1-2 миң сом айып пулун төлөп коюп, кайра эле ачылып жатышат. Эгер айып пулду көбөйтсөк аларга лицензиясыз иштөө ыңгайсыз болуп калат деген үмүт бар",– деп билдирди.

Ал эми Жогорку Кеңеш уруксаты жок иштеген акча алмаштыруучу жайларды жазалоо чарасын күчөтүү боюнча мыйзам долбоорун талкуулап, үчүнчү окууда добуш берүүгө жөнөттү. Ага ылайык, айып пулду 2 миңден 250 миң сомго чейин көбөйтүү каралууда.

Учурда өлкө боюнча 1000ге жакын акча алмаштыруучу пункт бар, бирок анын 300нүн гана лицензиясы бар.



## Депутат эмне дейт?

*Өткөн жылы 31 бала суицидге барса, быйыл үч ай ичинде эле ошончо өспүрүм өз жанын кыйган. Бул тууралуу эл өкүлү Чолпон Султанбекова парламентте сүйлөп жатып билдирди.*

Маалыматтар Билим берүү жана илим министрлигинен алынганын айткан депутат: "2015-жылы 31 бала өз жанын кыйса, быйыл үч айда эле өз өмүрүнө 31 бала кол салган. Бул өтө чоң көйгөй. Өкмөттүк саат кылалы. Ушул жерде отуруп угуп көрөлүчү. Биз психологдор иштесин дегенибиз менен маселе чечилбей жатат",– деди.

## Чет өлкөлүктөр Кыргызстанда иштөөгө кызыкдар

*Мекемелер аралык комиссия жакында Кыргыз Республикасынын аймагына чет өлкөлүк жарандарынын иштөө максатындагы өтүнүчтөрүн карады. Комиссиянын кароосуна жеке жана юридикалык жактардан 137 арыз келип түшкөн.*

Жыйынтыгында комиссия тарабынан 544 чет элдик адиске жана 22 чет өлкөлүк жаранга Кыргызстандын аймагында ишкерлик жүргүзүүгө уруксат берилди.